# “ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕК БАЛДАРДЫ НИКЕГЕ ТУРГУЗУУНУН ЗЫЯНДУУЛУГУ”

*8-11 класстар үчүн класстык саат*

*Эң мыкты аялзаты – бул өзүнө-өзү*
*ишенген аял,ошол үчүн аны*
*ийгиликтер гана коштойт!*



**Максаты** - эрте эне болуу маселелери боюнча так маалыматтарды чогултуп талдоо жана жашы жете элек энелердин укуктарын коргоо, эрте эне болуудан алдын алуу иштерин калыптандыруу.

| Сабактын максаттары | | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|
| ***Билим берүүчүлүк*** | Окуучуларга жашы жете элек балдарды никеге тургузуу жөнүндө так түшүнүктү калыптандыруу жана тарбиялоо;<br>Окуучуларды жашы жете элек балдарды никеге тургузуу ден-соолукка тийгизген терс жагы менен тааныштыруу. | Окуучулар жашы жете элек балдарды никеге тургузуунун зыяндуулугу жөнүндө түшүнүктөргө ээ болушат жана кеңеет;<br>Окуучулар жашы жете элек балдарды никеге тургузуу жана анын зыяндары жөнүндө маалымат билишет. |
| ***Өнүктүрүүчүлүк*** | Жашы жете элек балдарды никеге тургузуунун зыяндуулугун, окуучулардын ден соолугун коркунучка жаратарын аң-сезимине жеткирүү; | Жашы жете элек балдарды никеге тургузуу ден соолугу үчүн зыян, организм эне болууга даяр эмес экенин тууралуу түшүнүшөт. |

| | | |
|---|---|---|
| | Жашы жете элек балдарды никеге тургузуунун зыяндуулугун чагылдырган сүрөттөр аркылуу окуучулардын аӊ-сезимин ойготуу. | |
| ***Тарбиялык*** | Эрте эне болуу – бул социалдык көрүнүш, ал кыздын кийинки жашоо турмушуна кыйла таасирин тийгизээрин тарбиялоо; | Алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланат; Жашы жете элек балдарды никеге тургузуунун, зыяндуулугуна ынанышат. |

**Көрсөткүчтөр:** Сабак максатына жеткен болуп эсептелет, эгерде:

1. Окуучулардын жашы жете элек кезде никеге тургузуунун зыяндуулугу жөнүндөгү түшүнүктөрү тереӊдесе.
2. Окуучулар өспүрүм куракта никеге туруу кыздын организми даяр боло элек, эрте эне болуу зыян экенин үйрөнүшөт.
3. 18-жашка чейинки куракта кыздарда, адатта ден соолугу начар балдар төрөлүп, калктын генофондуна терс таасирин тийгизерин түшүнүшөт.
4. Билимсиз, жакыр үй-бүлөнүн саны көбөйөөрүн билишет.

**Сабактын тиби:** чыгармачылыкты бышыктоо.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, тушүндүрүү, аӊгемелешүү, практикалык.
**Сабактын жабдылышы:** сүрөттөр, макал-лакаптар



**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу** (класста жагымдуу жагдай түзүү).

- Балдар, бүгүнкү “Жашы жете элек балдарды никеге тургузуунун зыяндуулугу” аттуу класстык саатта жашы жете элек кыздардын эрте никеге туруунун зыяндуулугу жөнүндө силерге түшүндүрүү.

| Билем | Билгим келет | Билдим |
| --- | --- | --- |
| | | |

**Мугалим:** Саламатсыңарбы балдар! Бүгүн «Жашы  жете элек балдарды никеге тургузуунун зыяндуулугу» жөнүндө таанышабыз.

- **Нике деген эмне? Кандай түшүнөсүңөр?**

**1-окуучу:** “Нике - үй бүлө күтүү максатында түзүлгөн, жубайлардын ортосундагы мүлктүк жана мүлктүк эмес мамилелерин жарата турган мыйзамда белгиленген тартипте тараптардын эркин жана толук макулдугу менен эркек жана аялдын ортосунда тең укуктуу баш кошуусу”.

**2-окуучу:** “Нике” сөзүнүн колдонулуудагы мааниси “үй-бүлө куруу” дегенди билдирет. Үй-бүлө деген ушундай бакыт багы, ал тургай бейиште да уланат.

**Мугалим:** Кыздар турмушка чыгуу менен, ал эми балдар үйлөнүү менен жуп болуп, үй-бүлө курушат.

Кыргызда бир жакшы сөз бар эмеспи: үй-бүлө башында эки киишиден куралып, аягында эки киши калат деген. Үй-бүлө балалуу болуп, аны тарбиялап өстүрөт. Уулдарын үйлөп, кыздарын турмушка узаткандан кийин карыя ата-эне үйдө кутмандуу карылыктын доорун сүрүшөт. Кыргызда дагы бир жакшы салт бар. Ал кичүү уулдун ата-энеге кам көрүп, алар менен чогуу жашашы. Демек, кыргыздын куттуу үйүндө дайыма турмуш уланып келген жана улана берет. Бул нерселер кыргыз элинин каада-салт, үрп-адаттарында да кеңири айтылган.

Үй-бүлө – каада-салттарды алып жүрүүчү, улуттун улут экекндигин сактоочу коломто сыяктуу. Улуу муундун акыл-насааттары жана турмуштан алган тажрыйбасынын негизинде, алардан үлгү алып, кийинку муун жашай берет. Жашоонун өзү шакекке, күнгө окшош тегерек. Анда жазылбаган мыйзамдары бар.

### Никеге туруу

**Мугалим:** Кыргыз Республикасынын Конституциясында “Нике жана үй-бүлө” жөнүндө кодексин чогуу окуйлу. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесинин 1- пунктунда: Үй-бүлө – коомдун негизи. Үй-бүлө, ата болуу, эне болуу жана балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам тарабынан артыкчылыктуу корголот деп белгиленген. Никенин, үй-бүлөнүн мааниси өтө чоң экендигине байланыштуу республикабызда “Нике жана үй-бүлө” жөнүндө кодекс бар. Ал ушул маселелер боюнча мыйзамдардын жыйындысы. Бул Кодекс үй-бүлө мамилелерин 93 жөнгө салат. Үй-бүлө түзүш үчүн, оболу, никеге туруш керек. Никелешүү үчүн нике курагы 18 жаш деп белгиленген. Бул чектөө жаштардын организми жетилип, балалуу болуу, алардын ден соолугуна зыян алып келбеши үчүн коюлган. Конституциябызда белгилегендей, балага камкордук көрүү – ата-эненин милдети, ошондой эле жашы жеткен, эмгекке жарамдуу балдар дагы ата-энесине камкордук көрүүгө милдеттүү.

**Кыргыз Республикасынын мыйзамы кайсы курактан тартып никеге турууга уруксат берет?**

- 2003-жылдын 30-августундагы № 201 КР Үй-бүлө кодексинин 14 беренеси:
- Аялдарга жана эркектерге никеге турууга 18-жашка толгондон кийин уруксат берилет.

Ал эми азыр эрте кыздарды мажбурлап никеге тургузуунун зыяндуулугу жөнүндө айтсак, акыркы мезгилде жашы жете элек кыздарды никеге мажбурлап берүү кездешүүдө. Анткени, мектепте окуган кыздар азгырууга жана жаман жолго түшүп кетеби деп ата-энелер чочулашат да 9–классты бүтөрү менен күйөөгө берип жиберишет. Анын себеби ата-энелердин – кыздарынын бузулуп кетүүсүнөн коркуу. Бирок, өспүрүм курагында төрөгөн энелердин балдарынын өлүү төрөлүүлөрү менен өлүмүнүн көрсөткүчтөрү 20-29 жаш курагындагы энелердин ушундай көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 50 пайызга көп. Өспүрүм курагында төрөгөн энелердин балдарынын салмагы төрөлгөндө адатта абдан кичине болушу ыктымал, анын натыйжасы узак убакыт бою баланын ден соолугуна жана өсүшүнө залалын тийгизе турганы анык. Анткени, бойго жете элек кыз өзү бала, ал бала төрөгөнгө, аны тарбиялоого даяр эмес. Ошого муну ата-эне, класс жетекчилер кыз балага айтып үйрөтүш керек. Кыз турмуштук сыноолордон өтүүгө, башка үй-бүлөгө башы батып, балтыры сыйып кетүүгө даяр болгондо турмушка чыкканы жакшы. Ага эч кандай даярдыгы жок өспүрүм кызды уурдап, ала качуу дагы – бул кылмыш.

Азыр укук коргоо кызматкерлери кыздарды ала качуу, мажбурлап күйөөгө берүү маселелерине өзгөчө көңүл бөлүүдө. Мамлекет ЗАГСка турбаган жаштарга нике кыюуга тыюу салган. Ала качуу – бул кыздын жана ата-энесинин укугу менен эсептешпей, жигиттин өз билгенин кылуусу, укук бузууга жатат.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун (БСУ) маалыматтары боюнча дүйнө жүзүндө жыл сайын 15-19 жаштагы 16 млн. кыз эне болуп калат, ал эми 2 миллиондой кыз 15 жашка жете электе төрөйт. Кош бойлуулуктун жана төрөттүн кыйындашы – 15-19 жаштагы кыздардын өлүмүнөн негизги себептеринин бири ушул.

**Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматтары боюнча жыл сайын:**

- 16 млн. жаш кыздар 15-19 жаш курагында эне болушат;
- 2 млн. кыз 15 жашка чыкканга чейин бала төрөшөт.

**Эмне үчүн 18 жашка чейинки никеге турууну эрте деп айтышат?**

**Эмне үчүн 18 жашка чейинки никеге турууну эрте деп айтышат?**

- Эрте – анткени, мектепти аяктоо керек;
- Эрте – анткени, кесипке ээ болуу керек;
- Эрте – анткени, организм эне болууга даяр боло элек.

Эрте эне болуу – бул социалдык көрүнүш, ал кыздын кийинки жашоо турмушуна кыйла таасирин тийгизет. Кыргызстанда ал – эрте диний никелерге, кыз ала качууга, эрте

жетилүүгө жана өспүрүмдөрдүн сексуалдык активдүүлүгүнүн эрте башталышына, ошондой эле балдарга карата жыныстык кылмыштарга байланыштуу. Мындай көрүнүштөр жашы жете электердин репродуктивдик саламаттык, кош бойлуулукту пландаштыруу, бойдо болтурбоо каражаттарын пайдалануу жана бойдон алдыруу, пландаштырылбаган сексуалдык байланыштар же зордуктоо болгондо жыныстык жол менен өтүүчү оорулардан сактануу туурасында түшүнүктөрү жокко эсе учурунда болот.



Жашы жете электердин кош бойлуулугу көбүнчө пландаштырылган эмес, андыктан эненин да баланын да ден-соолуктарына кыйла кесепетин тийгизиши мүмкүн. Саламаттыкты сактоо тутуму чабал өнүккөн айыл райондорунда өспүрүм эненин ден соолугуна мындай тобокелдик өзгөчө опурталдуу экендигин билдирет. Көп учурда жашы жете электердин кош бойлуулугу кооптуу, бойдон алдыруу менен аяктайт да кийин гинекологиялык дарттардын себепкери болуп, төрөө кыйынчылыктарына жана тукумсуздукка алып келет.

## 18-жашка чейин никеге туруу балдарга эмне алып келет?

- 18-жашка чейинки куракта кыздарда, адатта алсыз балдар төрөлөт – бул болсо, калктын генофондуна терс таасир тийгизет;
- Кыздардын ден соолугуна, өмүрүнө коркунуч;
- Кыздарды билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат;
- Билими жок кыздар жакшы кесипке ээ болушпайт;
- Билимсиз, жакыр үй-бүлөнүн саны көбөйөт;
- Мындай үй-бүлөлөр көп учурда ажырашып кетишет, ошондуктан өлкөдө толук эмес үй-бүлөлөр көбөйөт;
- Толук эмес үй-бүлөлөр мамлекеттин колдоосуна муктаж (жөлөкпулдар, жеңилдиктер), бул мамлекеттин бюджетине таасир тийгизет;
- Кыздар ар дайым күйөөсүнөн жана анын үй-бүлөсүнөн көз каранды болот.

## БУУнун калкты жайгаштыруу фондунун баа берүүсү боюнча:

- 2015-жылы 13,5 млн. өспүрүмдөр 18-жашка толгонго чейин никеге турушкан. Алардын ичинен 4,4 милл.15-жашка толгонго чейин күйөөгө тийишкен.
  Бул болжолу күн сайын 37 кыз никеге турууга мажбур болот дегенди билдирет.



Нике курагы жөнүндө мыйзамдарды бузуу менен «нике кыюу» жөрөлгөсү жасалып жаткан жашы жете элек жарандын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар), никеге туруу боюнча диний каада жасаган адам, ошого тете нике курагы жөнүндө мыйзамды бузуп, жашы жетпеген жаран менен никеге туруп жаткан, жашы жеткен адам үч жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

## Жашы жете элек жаранды никеге турууга карата диний каада жасагандыгы үчүн кимдер жооп берет?

- Ата-энелери (же камкорчусу)
- Никеге диний каада жасаган адам (молдо же дин кызматкери)

**Сабактын жыйынтыгы.**



**Суроолорго өз алдыбызча жооп беребиз:**

1. Кыз менен жигиттер канча жашында никеге турушу керек?
2. Маалыматтар боюнча жыл сайын канча жаштан баштап кыздар эне болууда?
3. Эмне үчүн 18 жашка чейинки никеге туруну эрте деп айтышат?
4. 18-жашка чейин никеге туруу балдарга кандай зыяндуулук алып келет?
5. Жашы жете элек жаранды никеге турууга карата кимдер жооп берет?

**Бабалар сөзүн билип жүр!**



1. “Келин жаман эмес, келген жери жаман”.
2. “Койчунун таягынан, келиндин аяганан”.
3. “”Уул жакшысы – урмат, келин жакшысы сый келбет”.

**Жыйынтыктоо:** Мына балдар, бүгүн биз “Жашы жете элек балдарды никеге тургузуунун зыяндуулугу”, деген темада кеп кылдык.

- Канча жашынан кыз-жигит никеге турса болот бүгүнкү сабакта түшүндүңөр. Эмне үчүн 18-жашка чейин никеге туруу болбоосун жана анын зыяндуулугу жөнүндө эссе жазып келгиле.

**Баалоо:** Окуучулар бааланат.

**Үйгө тапшырма:**

“*Никеге эрте туруунун зыяндуулугу”* эссе жазып келгиле.

**Тарбия, социалдаштыруу**
**жана мектептен сырткаркы**
**кошумча билим берүү**
**лабораториясынын башчысы** **Алымбаева Б.Б.**